## КРЕДИТТЕР

*(2012-жыл, январь-март айлары)*

2012-жылдын биринчи чейрегинде банктар кредит портфелин көбөйтүүнү уланткан, ошондой эле мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүшү маанисинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүн жакшыртуу тенденциясы сакталган.

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2012-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата жыл башынан бери 4,7 пайыз өсүп (алмашуу курсунун өзгөрүүсүнө корректировкаларды эске алуу менен кредит портфели 4,3 пайызга өскөн), 32,7 млрд. сомду түзгөн. Мында кредит портфелинин сом бөлүгү 14,4 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүп, 3,0 пайызга өскөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башына карата тиешелүү көрсөткүчтү 6,1 пайызга жогорулатуу менен март айынын акырына карата сом эквивалентинде 18,3 млрд. түзгөн (АКШ долларын бекемдөөнү эске алуу менен жогорулоо 5,3 пайызды түзгөн).

2012-жылдын январь-март айларында улуттук валютада банктардын кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени 0,5 пайыздык пунктка, 21,9 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында – 0,2 пайыздык пунктка, 17,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

Айыл чарба тармагын колдоо боюнча 2011-жылы 565 млн. сом өздөштүрүлгөн “Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер” мамлекеттик долбоордун биринчи баскычын ишке ашыргандан кийин, Өкмөт тарабынан долбоордун экинчи баскычын ишке ашыруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Өтүп жаткан жылдын февраль айында ишке киргизилген жаңы долбоордун алкагында 1 млрд. сом өлчөмүндө каражаттар бөлүнгөн, алар 2 жыл төлөө мөөнөтү менен жылдык 7 пайызга жеңилдетилген максаттуу кредит түрүндө өсүмдүк өстүрүүгө жана мал чарбасына жумшалат (2011-жылы кредит каражаттары 1 жыл мөөнөтү менен жылдык 9 пайызга берилген). 2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 639,7 млн. сомго 5 660 кредит берилген, ал үлүштүк мааниде алганда мезгил ичинде берилген кредиттердин жалпы көлөмүнүн 7,5 пайызын түзөт.

Кароого алынган мезгилдин акырына карата тармактар боюнча банктардын кредит портфели төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн. Кредит портфелинин ири бөлүгүн ээлеген соода-сатыкка кредиттердин үлүшү 2012-жылдын январь-март айларында 1,1 пайыздык пунктка (41,7 пайызга чейин) төмөндөгөн. Ошондой эле кредиттердин ипотекага – 9,6дан 9,3 пайызга чейин жана курулушка – 5,6дан 5,4 пайызга чейин салыштырма салмагы төмөндөгөн. Аны менен катар, айыл чарбасына кредиттердин үлүшү – 0,8 пайыздык пунктка, 13,5 пайызга өскөндүгү белгиленген. Керектөө кредиттеринин үлүшү да – 8,8ден 8,9 пайызга чейин жогорулаган, ал эми өнөр жайга берилген кредиттердин салыштырма салмагы жалпы көлөмдө 0,2 пайыздык пунктка, 5,5 пайызга чейин өскөн. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү, социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө берилген кредиттер, мурдагыдай эле, бир аз

үлүштү – болжол менен суммардык 2,5 пайызды түзгөн. «Башка» кредиттердин салыштырма салмагы чейрек ичинде 12,9дан 13,1 пайызга чейин жогорулаган.

Өз кезегинде көпчүлүк банктардын портфелдери айрым тармактарда жогорку концентрацияланган бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрациялануусун көрсөтүүчү индекс 0,46 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттери негизинен эки тармак ортосунда бөлүштүрүлгөнүн көрсөтөт. Мындан тышкары, ар бир тармактагы өзүнчө кредиттердин концентрациялануусу жогору болгон: 11 тармактын ичинен 6 тармакта индекстин мааниси 0,17ден көбүрөөк көрсөткүчтү түзгөн, бул ушул тармактарда аз сандагы банктардын катышкандыгын билдирип турат.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,10 деңгээлинде сакталган, ал 10 банк ортосунда рыноктун бөлүштүрүлүшүнө барабар.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө 1 айдан 3 айга чейин мөөнөткө берилген, ошондой эле 3 жылдан ашык төлөө мөөнөтү менен кредиттердин көлөмү төмөндөгөнү байкалган. Калган кредиттердин салыштырма салмагы жыл башына салыштырмалуу жогорулаган. Аны менен катар, узак мөөнөттүү (бир жылдан жогору) кредиттердин салыштырма салмагынын 73,2 пайыздан 73,1 пайызга чейин төмөндөшүнө байланыштуу кыска мөөнөттүү кредиттердин 22,8 пайыздан 23,1 пайызга чейин өскөн. Жалпысынан, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү кредиттердин үлүштөрүнүн ушул сыяктуу бир аз өзгөрүшү 28,3 ай деңгээлинде сакталып, кредит портфелинин дюрация көрсөткүчүнө таасир эткен эмес. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын үлүшү 3,9дан 3,8 пайызга чейин, ал эми пролонгацияланган кредиттер –4,7 пайыздан 4,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

2012-жылдын биринчи чейрегинде жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 8,5 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын ушул эле мезгилинде берилген суммадан 41,6 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 17,7 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында – 71,8 пайызга көбөйгөн. Мында соода-сатыкты кредиттөө көлөмүнүн өсүшү мурдагыдай эле банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн маанилүү фактору болуп саналат.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 22,1 пайзды түзүп, 1,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Чет өлкө валютасындагы чен, тескерисинче, 0,3 пайыздык пунктка, 20,5 пайызга өскөн.

Кредиттердин негизги көлөмү бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген, бирок кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн салыштырма салмагы жалпысынан жогорулаганына байланыштуу жаңыдан берилген кредиттердин убактылуу түзүмүндөгү узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 7,0 пайыздык пунктка, 67,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Мында кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн түзүмүндө 0-1 ай жана 1-3 ай мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшү тиешелүү – 3,1 жана 3,0 пайызга өскөн. Ушул себептерден улам, жаңыдан берилген кредиттердин дюрация көрсөткүчү 25,4 айдан 23,7 айга чейин азайган.

Соода-сатыкка берилген кредиттердин көлөмү 31,1 пайызга жогорулаган – бул тармак жаңыдан берилген кредиттердин түзүмүндө мурдагыдай эле маанилүү болуп

саналат (48,8 пайыз). Кароого алынган мезгил аралыгында айыл чарбасын кредиттөө (46,5 пайызга) жогорулаганы байкалган, ал эми бул кредиттердин үлүшү 0,6 пайыздык пунктка, 16,9 пайызга чейин өскөн. Керектөө кредиттери 77,3 пайызга көбөйгөн, бул алардын үлүшүн 2,2 пайыздык пунктка, 11,1 пайызга чейин өсүшүнө алып келген. Мындан тышкары, берилген ипотекалык кредиттердин көлөмү 30,6 пайызга өскөнү байкалган, ошол эле учурда алардын үлүшү 4,0 пайыздан 3,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Өнөр жайына, байланышка, даярдоо жана кайра иштетүүгө, курулушка, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө берилген кредиттердин салыштырма салмагы суммада 9,50 пайызды түзгөн. «Башка» кредиттер үлүшү  0,5 пайыздык пунктка өсүп, 10,5 пайызды түзгөн.

Улуттук валютада жана чет өлкө валютасында да жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүшү тармактар боюнча ар тараптуу болгон. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин төмөндөшү, транспорт, даярдоо жана кайра иштетүү, ипотека жана социалдык кызмат көрсөтүү тармактарынан тышкары, бардык тармактарда байкалган. Соода-сатыкка берилген кредиттер боюнча чендер мурдагыдай 23,9 пайыз деңгээлинде сакталган. Ошол эле учурда улуттук валютада эң төмөнкү чендер менен кредиттер айыл чарбасына (орточо алганда мезгил ичинде 17,6 пайыз), эң жогорку чен менен кредиттер – керектөө максаттарына  (27,9 пайыз) берилген.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасында чендер, айыл чарба, соода, ошондой эле даярдоо жана кайра иштетүү тармактарынан тышкары, бардык тармактар боюнча төмөндөгөн. Байланышка берилген кредиттер боюнча чен 16,0 пайызды түзгөн, ал эми 2011-жылдын ушул эле мезгилинде мындай максаттарга кредиттер берилген эмес. Кыйла жогорку чен менен чет өлкө валютасында кредиттер соода-сатыкка жана айыл чарбасына (орточо алганда 22,5 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен менен  – курулушка (орточо алганда мезгил ичинде 12,1 пайыз) берилген.

**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Улуттук валютада кредиттер боюнча айкын чендердин орточо мааниси 2012-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдан ушундай эле мезгилиндеги 15,7 пайызына каршы 21,0 пайызды түзгөн.